DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, №4, 2023

*Оморова Н.К., Кадырова Г.К.*

# ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИКТИН МААНИСИ

*Оморова Н.К., Кадырова Г.К.*

# ЗНАЧЕНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ НАВЫКОВ В ОБРАЗОВАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ

*N. Omorova, G. Kadyrova*

# THE IMPORTANCE OF TEACHING SKILLS IN THE EDUCATIONAL PROCESS

*УДК : 37.047 (575.2) (04)*

*Ар тараптуу педагогикалык ишмердүүлүктө педагогдук чеберчилик, чыгармачылык тууралуу түшүнүктөр калыптанганы менен бүгүнкү заманбап билим берүүнүн милдеттеринде күчөтүлгөн, дагы да айкын болгон толуктоолор менен өнүгүүдө. Тагыраагы окутуучу билим берүүнүн кылдаттыгына, максатка жетүүдөгү интеллектуалдык жана башка ресурстарды колдоно билүүгө маани берип калды. Натыйжада окутуучунун бул аракети келечектеги адис үчүн коомдо өз ордун табыктуу табууга, эркин пикирлешип максатка жетүүдө, негизги кесибинин мыкты адиси болууга көмөк берүүдө. Окутуучунун сабакта маселе жаратуусу жана анын чечүү жолдорун сунуштоосу менен студенттердин өз ара топтордо аракет-те-нүүсү, чечүүчү жыйынтыктарга келүүсү сабактарга болгон кызыгуусун жаратууда. Ага байланыштуу учурда ар бир окутуучу билим берүүнүн заманбап өнүккөн ушул жагдайына жетүүгө умтулууда. Макалада педагогикалык чеберчиликтин негизги түшүнүктөрү, аны колдонууда күтүлүүчү натыйжалары тууралуу баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогика, окутуучу, педагогикалык чеберчилик, педагогикалык чыгармачылык, жөндөмдүүлүк, окуу жай, студент, сабак, инсандык өнүгүү.*

*Понятия о педагогическом мастерстве и творчестве формировались в комплексной педагогической деятельности, но закрепляются и развиваются с более очевидными дополнениями в задачах современного образования. Точнее, учитель не менял весь масштаб образования, а наоборот, придавал значение основательности этого образования, умению использовать интеллектуальные и другие ресурсы для достижения цели. В результате эти усилия педагога помогают будущему специалисту найти свое место в обществе, достичь цели путем свободного обсуждения и стать лучшим специалистом в своей основной области. Учитель создает на уроке проблему и предлагает пути решения, а взаимодействие учащихся в группах и достижение решающих результатов вызывает интерес к урокам. В статье описывается основные понятия педагогического мастерства, ожидаемые результаты его использования.*

***Ключевые слова:*** *педагогика, учитель, педагогическое мастерство, педагогическое творчество, способности, школа, ученик, урок, развитие личности.*

*The concepts of pedagogical skill and creativity were formed in complex pedagogical activities, but are consolidated and developed with more obvious additions in the tasks of modern education. More precisely, the teacher did not change the entire scope of education, but, on the contrary, attached importance to the thoroughness of this education, the ability to use intellectual and other resources to achieve the goal. As a result, these efforts of the teacher help the future specialist find his place in society, achieve his goal through free discussion and become the best specialist in his main field. The teacher creates a problem in the lesson and suggests solutions, and the interaction of students in groups and the achievement of decisive results arouses interest in the lessons. The article describes the basic concepts of pedagogical skill and the expected results of its use.*

***Key words:*** *pedagogy, teacher, pedagogical skill, pedagogical creativity, abilities, school, student, lesson, personal development.*

Учурда Кыргызстандын билим берүү системасында бир топ реформалаар жүргүзүлдү жана жүргүзүлүп келүүдө. Жаңы ыкмалар калыптанууда, жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттары иштелип чыгууда, билим берүүнүн сапатына заманбап талаптар коюлууда. Билим берүүнүн өзгөргөн концепциясы азыр окутуучунун билим берүүнүн жаңы мазмунун, инновациялык технологияларды өздөштүрүүсүн, улутка мүнөздүү социалдык жана маданий өзгөрүүлөрдү эске ала турган билим берүүнүн жана окутуунун ыкмаларын киргизүүнү болжолдоп жатат. Кыргызстандагы түрдүү типтеги жалпы билим берүүчү мекемелерди, жогорку жана орто кесиптик окуу жайларды өнүктүрүү процесси билим берүү жараянынын бардык аспектилерине мисалы, уюштурууга, мазмунуна, окутуунун жана тарбиялоонун ыкмаларына, алардын натыйжаларын аныктоого жана баалоого инновацияларды киргизүү жана сыноо аркылуу ишке ашырылууда. Азыр жогорку жана орто окуу жайларынын окутуучусунун натыйжалуу ишинин эң маанилүү шарты предметти билүү жана өз алдынча билим алууга умтулуу болуп саналат. Окутуучу лекциялык материалды берүүнүн ыкмаларын, практикалык сабактарды өткөрүү технологиясын өркүндөтүп гана койбостон, эң негизгиси, өзүнүн окутуучулук чеберчилигин өркүндөтүшү керектиги мааниге ээ болду.

Дүйнөдө заманбап билим алуу сапаттык жактан жаңы деңгээлге чыгып, жаштардын жашоосундагы эң маанилүү артыкчылыктардын бирине айланды. Ага байланыштуу студенттердин инсандык өнүгүү үчүн шарттарды түзүүгө басым жасоо, жеке жана кесиптик чөйрөдө өзүн-өзү аныктоого жана ишке ашырууга умтулууга жөндөмдүү болуу талаптарын жүзөгө ашырууда педагогдордон мурдагыдан да өнүккөн

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



абалдагы чеберчилик талап кылынууда. Жалпы эле педагогикалык процесстин компетенттүү курулушунда окутуучу педагогикалык чеберчиликтин көрүнүшү катары каралып, окуу процессин жогорку чыгармачылык деңгээлде камсыз кылууга жардам берет [1, 13-б.]. Окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна, чыгармачылык менен иштөөсүнө төмөндөгүдөй факторлор таасир этет:

- өз предметин жакшы билүүсү;
- тынымсыз өз алдынча билим алуу жөндөмдүүлүгү (предметтик, педагогикалык, психологиялык тармактарда жаңы нерселерди үйрөнүү);
- мыкты жетишүүгө болгон муктаждыктын болушу (жетилген деңгээлден дагы да ашууну каалоо).

Жогорку окуу жайынын окутуучусунун чеберчилиги кесиптик максатка ылайыктуулугу, индивидуалдуу чыгармачылык мүнөзү жана каражаттарды тандоодогу оптималдуулугу менен мүнөздөлөт. Педагогикалык чыгармачылыкты педагогикалык чеберчилик менен айырмалоочу маани бар. Педагогикалык чыгармачылык тууралуу өткөн кылымдын педагогдору А.Ф.Дистервег, Я.А. Коменский, К.Д. Ушинский, совет мезгилиндеги педагогдор П.П. Блонский, Ф.Н. Гоноболин, В.А. Кан-Калик, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский жана башка педагогдор көп кайрылышкан. Белгилүү педагог, окумуштуу В.А. Сластениндин пикири боюнча коомдук мааниге ээ болгон жаңы материалдык, руханий баалуулукту жаратуунун өзү бул – чыгармачылык. Ушундай маанини түюнткан окумуштуулардын көпчүлүк пикирлери менен таанышып, тыянак чыгарып көргөнүбүздө жалпы жонунан педагогикалык чыгармачылык – бул сапат жагынан жаңы, мурдагы ойлорду таптакыр эле башка өркүндөтүлгөн нукка буруп жиберген, новатор, жаратмандык [2, 160-б.].

Педагогдун чыгармачылык деңгээлин өркүндөтүү – билим берүү процессинин бир же бир нече элементтеринин өзгөрүшү, билим берүү ишинин жаңы шарттарына белгилүү методологияны адаптациялоо сыяктуу маанилерди камтыйт. Азыр педагогдун чыгармачылык потенциалы чыгармачылык мүнөздөгү иш-аракеттин зарыл шарты болуп саналат, анткени ал инсанды кырдаалды чечүү, жооп кайтаруу ыкмасы менен гана эмес, түшүнө турган, туюндурган, ырастаган ишмердүүлүк деңгээлине жеткирет. «Чыгармачылык потенциал» түшүнүгүнүн мазмуну адабияттарда окутуучунун өнүгүү деңгээлин аныктоочу реалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн, жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн жыйындысы, чыгармачыл ишмердүүлүк менен алектенген адамдардын мүмкүнчүлүктөрүнүн көлөмүн мүнөздөгөн интеграциялык сапаты катары көрсөтүлөт. Ошондой эле окутуучудагы ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн жогорку даражасы, анын ийкемдүүлүгү, оригиналдуулугу, жаңы иштөө шарттарына ылайык аракеттердин ыкмаларын тез өзгөртүү жөндөмдүүлүгүн камтыйт [3, 57-60-бб.].

Ал эми студенттерге кесипке багыт берүүдөгү окуу процессиндеги чыгармачылыгы бул өз кезегинде таанып-билүү процессине активдүү мамиленин калыптанышына шарт түзөт. Инсандын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана ички ресурстарын өнүктүрүү, студенттердин чыгармачылыгын активдештирүү, келечектеги педагогикалык ишмердүүлүктө өздөрүн толук ишке ашыруу, кесиптик жана чыгармачылык жактан өнүктүрүүнүн функционалдык компоненттерин жана каражаттарын изилдөөнүн зарылдыгын аныктайт [4]. ЖОЖдун окутуучусунун педагогикалык чыгармачылыгы педагогикалык реалдуулукту, анын ичинде студенттердин билим берүү жана кесиптик ишмердүүлүгүн өзгөртүүгө багытталган өз алдынча интегралдык кесиптик позиция, жаңы педагогикалык технологиялардын жана билимдердин алкагында өзүнүн ишмердүүлүгүн рефлексивдүү-системалык кайра карап чыгуу, профессионалдык жана чыгармачылык маселелерди чечүүнүн индивидуалдык эффективдүү жолдорун түзүү сыяктуу көрсөткүчтөр менен белгиленет.

Учурда окутуу, тарбиялоо процессиндеги окутуучунун чеберчилиги тууралуу болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн баары тажрыйба топтоо, билим берүү сапатын жакшыртуу жана мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатууга багытталып жатат. Билим берүү тармагындагы ушул аракеттер Кыргызстанда гана эмес башка мамлекеттерде да мурдатан эле педагогика, психология илиминин тармактарында иликтелип, изделип келе жаткан актуалдуу маселе болуп эсептелет. Педагогикалык чеберчилик туралуу илимий адабияттарда көп эле аныктамалар бар. Кыскача токтолуп өтөлү. Педагогикалык чеберчилик, Г.М. Коджаспированын белгилөөсүндө – бул окутуучунун педагогикалык ишмердикти кемчиликсиз өздөштүрүү деңгээли. Педагогикалык чеберчиликтин маңызы окутуучунун өзүнүн инсандык сапаттарында жатат. Негизгиси окутуучунун позициясында туруп, билим алуучулардын ишмердүүлүгүн чебер башкара билүүсү. Педагогикалык чеберчилик педагогикалык искусствонун үстөмдүк кылуучу белгиси болуу менен педагогикалык ыкмаларды өздөштүрүүнүн, педагогикалык чеберчиликтин кеңири спектрин билдирет. Мында инсандын калыптануу жана өнүгүү процессинде педагогикалык искусствонун практикалык ишке ашырылышы камсыздалып, окутуучунун индивидуалдык өзгөчөлүктөрү ачылып, өзүнүн педагогикалык системасын элестетүүгө мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда окутуучунун инсандыгына көңүл буруу, биздин оюбузча, мугалимдин чеберчилигинин, инсандык жана кесиптик өнүгүүсүнүн жеке траекториясын курууну болжолдойт [5.].

Педагогикалык чеберчиликти кесиптик ишмердүүлүктүн өзүн өзү уюштуруунун жогорку деңгээлин камсыз кылган инсандык сапаттардын комплекси катары аныкташат. Мугалимдин чеберчилигин

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



өнүктүрүүнүн эң маанилүү шарты – анын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жеке стилин аныктоосу. Стиль – адамдын табигый өзгөчөлүктөрү менен аныкталуучу, анын ишинин натыйжалуулугун камсыз кылуучу милдеттердин, ишмердүүлүктүн ыкмаларынын жана тактикасынын туруктуу системасы [6]. Сырттан караганда, педагогикалык чеберчилик туура түзүлгөн педагогикалык максаттарга ийгиликтүү жетишүүдө, жогорку натыйжаларга жетүүгө багытталган ар кандай окуу маселелерин чечүүдө көрүнөт. Теориялык билим менен жогорку деңгээлде өнүккөн практикалык көндүмдөрдүн синтези болуу менен мугалимдин чеберчилиги чыгармачылык аркылуу бекемделип ишке ашат.

Педагогикалык чеберчиликти өздөштүрүү үчүн окутуучу өзүнүн үстүнөн көп иштөө керек. Окутуучу ар бир сабакка системалуу даярдануу, педагогикалык адабияттардын акыркы басылмалары, жаңылыктары тууралуу маалыматтарга ээ болуп иштөө, алардан практикалык текшерүүнү жана колдонууну талап кылган жаңы нерселерди алып чыгуу зарыл. Чеберчилик – бул билим гана эмес, ошондой эле билим берүүнүн мыйзамдарынан келип чыккан каражаттардын, ыкмалардын жана методдордун бүткүл арсеналын практикада өзгөчө чыгармачылык менен ишке ашыруу. Ошондо гана окутуучунун тажрыйбасынын жүрүшүндө ээ болгон инсандык сапаттардын жыйындысы, ийкемдүү жөндөмдүүлүктөргө жана чыгармачылыкка негизделген жана кесиптик ишмердүүлүктү өз алдынча уюштуруунун жогорку деңгээлин камсыз кылуучу бул багыттагы өздөштүрүлгөн профессионалдык көндүмдөр окутуунун ийгилигин аныктайт [7].

Окутуу процессинде окутуучунун педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу анын педагогикалык ишмердигин өркүндөтүү менен ажырагыс байланышта. Педагогдун өз алдынча иш-аракет процессинде өнүгүүсүнүн негизги циклдери катары кесипти өздөштүрүү, аны өркүндөтүү, иш системасын бекитүү жана текшерүү, тажрыйбаны жалпылоо, тажрыйбаны өткөрүп берүү жана жыйынтык чыгаруу. Мына ушулардын бардыгы жаңылык изденүү менен тыгыз байланышат. Окутуучунун чыгармачылык ишмердиги менен анын чеберчилигинин ортосундагы байланыш эксперименталдык жактан тастыкталат [8]. Педагогикалык чеберчилик түшүнүгүнүн маңызы өз ичинде окутуучуда ар кандай чыгармачыл инсанды мүнөздөгөн сапаттардын жыйындысы болушун болжолдойт. Мында башкысы окутуу, тарбиялоо процессиндеги жаңычылдык тажрыйба топтоо, билим берүү сапатын жакшыртуу жана мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатууга багытталышы керек. Бул максатта учурда Кыргызстанда мугалимдердин билимин өркүндөтүүчү мамлекеттик атайын мекемелердин, окуу жайлардын алдында түзүлгөн билимди өркүндөтүү институттарынын ишин белгилөөгө болот. Анткени аталган мекемелерде совет мезгилинен бери өтүлүп келген курстардын темалары, багыттары, практикалык жумуштары толугу менен жаңыртылып, илимий багытта иштер жүргүзүлүп, методикалык колдонмолор жарык көрүп, окутуунун мыкты натыйжалары изделип келүүдө. Мындан сырткары эл аралык деңгээлде уюшулуп жаткан курстар, семинардык окуулар да педагогдордун чеберчилигин өстүрүүдө бир топ эле жакшы жардамдарды берүүдө. Алар аркылуу окутуунун студенттер үчүн абдан эле ыңгайлашкан, жөнөкөй түшүнүктүү жолдору сунушталууда.

Педагогика илиминде педагогикалык чеберчиликти түшүнүүдө педагогикалык жөндөмдүүлүк түшүнүгү бар жана ага дидактикалык, конструктивдүү, экспрессивдүү, уюштуруучулук, илимий-когнитивдик же академиялык жөндөмдөр, чыгармачылык, эмоционалдык-баалуулук ж.б. кирет. Дидактикалык жөндөмдөр окутуу ыкмаларын ийгиликтүү тандап алууга жана окуу материалын жеткиликтүү түрдө берүүгө мүмкүндүк берсе, коммуникациялык көндүмдөр окуучулар менен тийиштүү байланышты түзөт. Кабыл алуу жөндөмдөрү окуучунун ички рухий абалын түшүнүүгө, анын жаш курагына жана жеке жөндөмдүүлүктөрүн баалоого, психологиялык жаракат келтирбестен жардам берет. Эмоционалдык жөндөмдөр окутуучуга эмоцияларын башкарууга жардам берет. Экспрессивдүү жөндөмдөр окутуучуга материалды берүүнүн эң жакшы эмоционалдык жана эрктүү формасын тандоого, ал эми уюштуруучулук жөндөмдөр тартипти жана окуу сабактарында макулдашылган ишти камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Академиялык жөндөмдөр жаңы билимдерди өздөштүрүү, көндүмдөрдү өздөштүрүү, чыгармачылык менен иштөөгө, эксперимент жүргүзүүгө, адабияттарды жана алдыңкы тажрыйбаларды системалуу түрдө үйрөнүүгө умтулуу менен байланышат.

Студенттердин адаптацияланышы үчүн окутуучунун окуу процессин башкаруу чеберчилиги да чоң мааниге ээ. Окуу процессине карата башкаруу – бул окутуучунун максаттуу, системалуу өз ара аракети жана студенттердин командасы, ар бир студенттин белгилүү окуу натыйжаларына жетишүүсү. Башкаруу – бул процесске анын табиятына карама-каршы келген тарапты басып коюу, таңуулоо эмес, тескерисинче, процесстин мүнөзүн мүмкүн болушунча эске алуу жана процесске ар бир таасирди координациялоо болуп, багытталган башкарууну билдирет. Тагыраагы студенттерди сабакка уюштуруу, алардын өз ара эркин пикирлешүүсүнө жол берүү, ой-пикирлерди айтуудагы бири-бирин сыйлоо, уга билүү ж.б. Бул учурда окутуучу багыттоочу ролду аткарып, көзөмөлгө алып байкатпастан карап турат. А бирок жалпы сабактын, курстун жүрүшү түздөн-түз анын жетегинде турат.

Учурдагы технологиянын өнүккөн мезгилинде

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



маалыматтык-коммуникациялык технологиялар формалдуу, авторитардык окуунун тоскоолдуктарын жоюуга жардам берип жатат. Студенттер эркин, жагымдуу окуу чөйрөсүндө алда канча оң жооп беришет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаш окуучулар, студенттер компьютердик технологиянын жардамы менен логикалык маселелерди чечүүгө жөндөмдүү жана жакшыраак үйрөнүшөт. Ошондуктан компьютердик технологияларды колдонуу билим берүү системасын гана эмес, билим берүү процессинин жалпы катышуучуларын да өнүктүрөт. Бул абдан маанилүү, анткени компьютердик технологияны айкалыштыруу менен окутуучу өзү да эң сонун натыйжаларга жетише алат [9]. Компьютердик технологияны окуу процессинде максималдуу пайдалануу студенттердин өз адистигине болгон кызыгуусун өзгөчө арттырат.

Ошентип, учурдагы заманбап мыкты билимди берүү, келечекте керектүү көндүмдөргө, сапаттарга ээ болгон адистерди даярдап чыгаруу ишинин түпкү маңызы окутуучунун чыгармачылыгында жана аны жүзөгө ашыруудагы чеберчиликте турат. Окутуучу үчүн педагогикалык чыгармачылык бул анын педагогикалык өнөрү. Мурунтан түшүнүлүп келген билимдин дагы да жаңыртылып, өркүндөтүлгөн нукта бериши. Андыктан инсандын ар тараптуу өнүгүшү педагогикалык чеберчилик менен педагогикалык чыгармачылык айкалышканда гана жүзөгө ашаарын азыр таасын көрүнүүдө.

**Адабияттар:**


1. Кан-Калик В.А. Учителю о педагогическом общении. - М.: Просвещение, 1987. - 190 с.
2. Момоконова С.А., Кудабаева Г.Б. Педагогикалык чыгармачылыктын өзгөчөлүгү. Известия вузов Кыргызстана. №4, 2017.
3. Чудаев. А.К. Творчество преподавателя высшей школы и его развитие. Педагогическое мастерство. // Сборник статей VII Международного научно-исследовательского конкурса, состоявшегося 10 мая 2019 г. в г. Пенза. - С. 74.
4. Якушева С.Д. Педагогическое мастерство как условие развития инновационной деятельности образовательного учреждения. / Вестник Московского университета. Серия Педагогическое образование. - 2011. - №4.
5. Якушева С.Д. Основы педагогического мастерства. - М.: Издательский центр “Академия»”, 2010. - С. 256.
6. Садым К.Б. Особенности педагогического мастерства в высшей школе. // Международный журнал экспериментального образования. - 2013. - №4. - С. 253-254; URL: https:// expeducation.ru/ru/article/view?id=4786 (дата обращения: 16.10.2023).
7. Джалолова Д.Ф. Овладение педагогическим мастерством в профессиональном образовании // Молодой ученый. - 2017. - №14(148). – С. 613-614. - URL: https:// moluch.ru/archive/148/40688/].
8. Торосян В.Ф. Педагогическое мастерство преподавателя вуза – функциональное звено профессиональной подготовки студентов. Международный журнал прикладных и фундаментальных исследов. - 2014. - №12 (Ч.2) - С. 225-227.
9. Козилова Л. Какой педагог нам нужен? // Сборник материалов научно-практической конференции преподавателей и студентов педагогического факультета 15 апреля 2008 года. - М.: Директ. - Медиа, 2014.